**2. Жашы жете электердин укук бузуусу жөнүндө профилактика иштерин ИДН кызматкери менен биргеликте окуучуларга иш алып барылды.**

2017-2018-окуу жылына карата мектепте профилактика кенешинин тобу түзулгөн:

1.Мектептин соцпедагогу: Султанбаева Алия

2.ИДН инспектору: Курманалиев Тимур

3.Ата-энелер комитетинин төрайымы: Байсалова Айнура

4.Мектеп президенти: Букарбекова Айжан.

Профилактикалык иштер балдарга карата зордук-зомбулукка каршы маектешүү: “Ата-энелер менен эмне кылууга болот?Эмне кылууга болбойт?” деген темада ата-энелер өз ойлорун айтышкан.Андан тышкары окуучулардан анкеталар алынып турду.ИДН кызматкери менен биргеликте сабактан көп калган окуучулардын үйүнө рейд болуп,ата-энелеринен түшүнүк каттар алынган.Наркомания,тамеки чегүү,алкоголизмге каршы жыл ичинде пландын негизинде “Зыяндуу заттар “ темасында лекциялар,анкеталар,документалдуу тасмаларды көргөзүү,плакат сүрөттөрдүн негизинде түшүндүрүү иштери болду.ИДН кызматкери ар аптада мектепке келип,профилактика иштерин жүргүзүп жатты.Балдар укугунун концепциясы тууралуу педагогикалык консультациялар уюштурулуп,ангемелешүү жана тегерек стол өткөрүлгөн.Соцпедагог тарабынан Кемин районундагы өткөрүлгөн семинардын негизиндеНике курагы боюнча тегерек стол өткөрүлгөн.9-10-11-класстар арасында “Жашы жете электердин нике курагы эмнеси менен коркунучтуу” деген темада уюштурулган.Апрель айында Токмок шаарында болгон семинардын негизинде “Жаштарды туура тарбиялоо” темасында мектепте маектешүү өткөрүлгөн.Суицидди алдын алуу иш планынын негизинде анкета алуу,ата-энелер чогулушу:”Жаш өспүрүмдөр арасында суицид” темасында болуп,видео-роликтер көргөзүлгөн.

**3. Кароосуз калган балдардын укугу.**

Мектепте кароосуз калган балдардын тизмеси жок болгондуктан иш жүргүзүлгөн жок.

**4. Мектеп формасы.**

Бейшеке мектебинде бирдиктүү форма болгондуктан,1-8-класска чейинки окуучулар бир өндүү форма,ал эми 9-10-11-класстын окуучулары айырмаланып башка өндөгү форма кийишет.